«Бекитемин»
ОшМУнун ректору, профессор
_____________К.Г. Кожобеков
«___»______________2025-ж.

**Ош мамлекеттик университетинин кесиптик орто билим берүүчү окуу жайларына студенттерди кабыл алуунун**
**Т А Р Т И Б И**

Ушул кабыл алуу тартиби Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августундагы "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 3-февралындагы №53-токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү уюмдары жөнүндө Жобосуна", КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 4-июлундагы №470-токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүчү уюмдарына студенттерди кабыл алуунун тартибине" жана КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-жылдын 24-майындагы №802/1 "2021-2022-окуу жылына КРнын кесиптик орто окуу жайларына абитуриенттерди кабыл алууну уюштуруу жөнүндө" буйругуна ылайык иштелип чыкты.

1. *Жалпы жоболор*

1. Ушул Кабыл алуу тартиби ОшМУнун кесиптик орто билим берүү боюнча билим берүү программаларын ишке ашыруучу окуу жайларына кабыл алууну жөнгө салат. Ушул кабыл алуу тартибинде каралбаган маселелер ОшМУ тарабынан Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык өз алдынча чечилет.

2. ОшМУнун кесиптик орто окуу жайларына (мындан ары - КООЖ) жалпы негизги же жалпы орто билимге жана кесиптик баштапкы билимге (эгерде окутуу мөөнөтү 2 жыл болсо) ээ болгон Кыргыз Республикасынын жарандары, чет элдик жарандар жана Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу же убактылуу жашап жаткан жарандыгы жок тараптар кабыл алынат.

3. КООЖго кабыл алуу конкурстук негизде жүргүзүлөт. Конкурстун шарттары ар биринин билим берүү жаатындагы укугун сактоону жана кесиптик орто билим берүү программаларын өздөштүрүүгө бир топ жөндөмдүү жана даяр болгон тараптарды камсыздоону кепилдөөгө тийиш.

4. Адистиктерге келишимдик (акы төлөө) негизде кабыл алуу планы лицензияга ылайык ОшМУда түзүлөт жана университеттин ректору тарабынан бекитилет.

5. ОшМУ Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү адистиктеринин тизмесине ылайык тиешелүү адистиктер боюнча кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруу шарттары болгон учурда гана жарандарды окууга кабыл алууну жарыялоого укуктуу.

6. Башка мамлекеттердин жарандарын ОшМУда окутуу Кыргыз Республикасы катышкан, аныкталган тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин негизинде, ошондой эле билим берүү уюмдарынын ортосунда же жеке жарандар менен түзүлгөн келишимдердин негизинде жүргүзүлөт.

**2. Кабыл алууну уюштуруу**

7. Ушул Кабыл алуу тартибине ылайык кабыл алууну уюштуруу үчүн ОшМУнун кабыл

алуу комиссиясы түзүлөт, анын төрагасы болуп ЖОЖдун ректору эсептелет.

8. Кабыл алуу комиссиясынын төрагасы кабыл алуу планын аткарууга, ошондой эле КООЖго кабыл алуу боюнча ченемдик укуктук актылардын талаптарынын сакталышы үчүн жооп берет, кабыл алуу жана апелляциялык комиссиялардын мүчөлөрүнүн милдеттерин аныктайт, алардын иштөө тартибин, кабыл алуу жана апелляциялык комиссиялар тарабынан жарандарды кабыл алуу графигин бекитет.

9. Кирүү сыноолорун уюштуруп, өткөрүү үчүн сынак жана апелляциялык комиссиялардын курамы кабыл алуу комиссиясынын төрагасы тарабынан бекитилет. Сынак жана апелляциялык комиссиялардын ыйгарым укуктары менен ишмердүүлүк тартиби ОшМУнун жетекчиси тарабынан бекитилүүчү алар жөнүндөгү жоболор менен аныкталат.

10. Кабыл алуу комиссиясынын ишин жана иш кагаздарын жүргүзүүнү, ошондой эле абитуриенттерди, алардын ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) кабыл алууну ОшМУнун ректору тарабынан дайындалган жооптуу катчы уюштурат.

11. Кабыл алуу комиссиясынын курамы, ыйгарым укуктары жана ишмердүүлүк тартиби ОшМУнун жетекчиси тарабынан бекитилүүчү кабыл алуу эрежелери менен аныкталат. Кабыл алуу комиссиясынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү бир жылды түзөт.

12. ОшМУга кабыл алууда кабыл алуу комиссиясынын төрагасы жарандардын Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан аныкталган билим алуу жаатындагы укуктарын, кабыл алуу комиссиясынын ишинин айкындуулугун жана ачыктыгын, кирүүчүлөрдүн жөндөмдүүлүктөрүн обьективдүү баалоону, кабыл алууну өткөрүүнүн бардык этаптарында кабыл алуу комиссиясынын жетекчилигине болгон жеткиликтүүлүктү камсыздайт.

13. ОшМУго кабыл алуу жөнүндө арыз абитуриент тарабынан автоматташтырылган маалыматтык система - билим берүү жана илим жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан түзүлгөн КООЖдорго каттоо жана кабыл алуу үчүн портал аркылуу электрондук түрдө берилет. КООЖго кабыл алуу жөнүндө арыз берүүдө абитуриент электрондук түрдө төмөнкү документтерди тапшырат:

- паспорт же туулгандыгы тууралуу күбөлүк;
- негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүктү же орто жалпы билими жөнүндө аттестатты жана кесиптик башталгыч билими жөнүндө дипломду же анын дубликатын;
- аскердик билетин же катталуу күбөлүгүн;
- керектүү сандагы фотосүрөт (3х4 - 4 даана);
- эгерде абитуриент ушул Тартипте көрсөтүлгөн жеңилдиктерге укуктуу болсо, ырастоочу документтерди.

Окууга кабыл алынган абитуриенттер кабыл алуу комиссиясына ушул пунктта көрсөтүлгөн документтердин түп нускаларын берет.

14. Окутуунун ар түрдүү формаларына жана келишимдик (акы төлөө) негизде кирүүчүлөрдөн түшкөн арыздар өзүнчө атайын журналга же тиркеме аркылуу электрондук түрдө базага катталат жана эсепке алынат.

15. Документтерди электрондук түрдө кабыл алуу жана каттоо учурдагы жылдын 10-июлунан тартып 30-августуна чейин жүргүзүлөт.

16. ОшМУ жыл сайын кабыл алуу эрежелерин КР мыйзамдарына каршы келбегендей таризде иштеп чыгат жана кабыл алуу комиссиясынын төрагасы/ректор тарабынан бекитет.

17. Чет өлкөлүк окуу жайларда окуган Кыргыз Республикасынын жарандары жана чет өлкөлүк жарандар кабыл алуу комиссиясына Кыргыз Республикасынын негизги жалпы же орто жалпы билими жөнүндө мамлекеттик документке эквиваленттүү билими жөнүндө документти көрсөтүүгө тийиш.

Чет өлкөлүк окуу жайлар тарабынан берилген билими жөнүндө документтерди

Ош Мамлекеттик
Университети
КАБЫЛ АЛУУ КОМИССИЯСЫ

экспертизалоо билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан жүргүзүлөт. Чет өлкөлүк окуу жайларда окуган Кыргыз Республикасынын жарандарын жана чет өлкөлүк жарандарды ыйгарым укуктуу орган тарабынан берилген билиминин мазмунунун деңгээлинин шайкештиги жөнүндө маалымкатты берүүсүз кабыл алууга жол берилбейт.

**3. Кирүү сыноолору**

18. ОшМУга кирүү үчүн башкы критерийлер болуп тапшыруучунун билиминин деңгээли жана жөндөмү эсептелет, аны текшерүү үчүн негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүктөгү же жалпы орто билими жөнүндө аттестаттагы орточо баа аныкталат жана/же кирүү сынактары өткөрүлөт.

Адистиктер боюнча конкурс (маданият, искусство, дене тарбия чөйрөсүндөгү адистиктерден тышкары) жалпы орто билими жөнүндө аттестаттагы же негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүктөгү орточо баанын негизинде конкреттүү адистик боюнча окутуу үчүн зарыл болгон профилдөөчү предметтер боюнча бааларды эске алуу менен өткөрүлөт.

19. Жалпы орто билими жөнүндө аттестаттагы же негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүктөгү орточо бааны жана конкреттүү адистик боюнча окутуу үчүн зарыл болгон профилдөөчү предметтер боюнча бааны аныктоо тартиби билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталат.

Эгерде бир орунга аттестаттагы же күбөлүктөгү орточо баа жана конкреттүү адистик боюнча окутуу үчүн зарыл болгон профилдөөчү предметтер боюнча баалары бирдей болгон абитуриенттер талапкер болсо, кабыл алуу комиссиясы алар үчүн кошумча кирүү сынактарын өткөрөт.

Маданият, искусство, дене тарбия чөйрөсүндөгү адистиктер боюнча конкурс ОшМУ өз алдынча өткөрүлгөн кирүү сынактарын тапшырууда абитуриент алган баллдын суммасы жана аттестаттагы орточо баа боюнча өткөрүлөт.

Маданият, искусство, дене тарбия чөйрөсүндөгү адистиктер боюнча конкурс ОшМУ тарабынан өз алдынча өткөрүлгөн кирүү сынактарынын жыйынтыктары боюнча өткөрүлөт.

20. Кирүү сынактарын өткөрүү мөөнөттөрү жыл сайын билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталат.

Кирүү сынактары бланктык же компьютердик тестирлөө, оозеки же жазуу түрүндөгү экзамен, угуу, көрүү ж.б. түрдө өткөрүлөт. Өзгөчө абалда, өзгөчө кырдаалда ыйгарым укуктуу орган менен макулдашуу боюнча кирүү сынактарын онлайн режимде өткөрүүгө жол берилет.

КООЖго тапшыргандар кирүү сыноолорун мамлекеттик же расмий тилде берүүнү тандап алууга укуктуу.

Кабыл алуунун тартиби, ошондой эле кабыл алуу комиссияларынын арыздарды кабыл алууну уюштуруу боюнча чечимдери, кирүү сыноолорун өткөрүүнүн расписаниеси, кабыл алуунун жыйынтыктары абитуриенттерге өз учурунда билдирилиши керек.

21. ОшМУнун кабыл алуу комиссиясынын төрагасы бекиткен кабыл алуу эрежелеринде кирүү сынактары өткөрүлүүчү предметтердин тизмеси, адистиктери боюнча профилдөөчү предметтердин тизмеси, кирүү сынактарын өткөрүү формасы жана апелляцияларды кароо тартиби аныкталат.

22. Маданият, искусство, дене тарбия, архитектура чөйрөсүндөгү адистиктер боюнча окууга кабыл алууда абитуриенттин түздөн-түз катышуусу менен кошумча кирүү сыноолору өткөрүлүшү мүмкүн.

23. Бардык адистиктерге (Маданият, искусство, дене тарбия, архитектура чөйрөсүндөгү адистиктерден сырткары) кирүү сыноолору жалпы негизги жана (же) жалпы орто билим берүү программаларына дал келген программалар боюнча өткөрүлөт.

Ош Мамлекеттик Университети КАБЫЛ АЛУУ КОМИССИЯСЫ

24. Кирүү сыноолоруна жүйөөсүз себеп менен келбей калган, ошондой эле сыноолордо канааттандырарлык эмес баа алган тараптар КООЖго кирүү үчүн конкурска катышпайт.

25. Бирдиктүү талаптардын сакталышын камсыздоо, тест тапшырмаларын баалоодогу талаш маселелерди чечүү жана кирүүчүлөрдүн укугун коргоо максатында апелляциялык комиссия түзүлөт.

Апелляциялык комиссиянын курамына билим берүүнү башкаруу органдарынын өкүлдөрү, сабактар боюнча педагогикалык кызматкерлер көз карандысыз эксперт катары киришет.

26. Абитуриенттердин апелляцияга берүү тууралуу арызы кирүү сыноолорунун жыйынтыгы жарыялангандан соң бир сутка ичинде кабыл алынат жана апелляциялык комиссия тарабынан арыз берүүчүнүн катышуусу менен бир күндүн ичинде каралат.

27. Апелляцияны кароо кайра экзамен тапшыруу эмес. Апелляцияны кароонун жүрүшүндө кирүү сынагын тапшыруунун натыйжасы туура же туура эмес бааланганы гана текшерилет.

28. Кирүү сыноолорун кайра тапшырууга жол берилбейт.

**4. Кабыл алуу**

29. Кабыл алуу кирүү сыноолору бүткөндөн кийин:

- окутуунун күндүзгү формасына - ошол жылдын 25-августунан кеч эмес;
- сырттан окуу формасына - ошол жылдын 30-августунан кеч эмес ишке ашырылат.

30. Жакшы баа алса окутуу акысын төлөө менен келишим боюнча конкурстан сырткары кабыл алынчуулар:

- тоголок жетим жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдар (ошол жылдын 1-октябрына карата 18 жашка чыга электер);
- ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген, медициналык-социалдык экспертизанын корутундусу боюнча даярдыктын жана адистиктин тандаган багыты боюнча окуу жайда окуса болуучу адамдар;
- тандаган окуу жайдагы багыттар жана адистиктер боюнча эл аралык жана республикалык олимпиадалардын жеңүүчүлөрү (ошол жылы 1-3-орундарды алгандар), эгерде олимпиадалык сабак профилдик болсо.

31. "Спорттун чеберлигине талапкер", "Кыргыз Республикасынын спортунун чебери", "Кыргыз Республикасынын эл аралык класстагы спортунун чебери" спорттук наамдары бар спортсмендер, мөөнөттүү аскер кызматынан өткөн абитуриентке мамлекеттик жана муниципалдык орто кесиптик билим берүү мекемелерине тапшырууда окутуу акысын төлөө менен келишим боюнча орундарга артыкчылыктуу укукка ээ болушат.

32. Олимпиада оюндарынын, дүйнөлүк чемпионаттардын жана Азиялык оюндардын чемпиондору жана призерлору дене тарбия жана спорт тармагындагы адистиктери даярдоо үчүн мамлекеттик жана муниципалдык орто кесиптик билим берүү мекемелеринде билим алуу үчүн сынаксыз (экзаменсиз, тестирлөөсүз жана маектешүүсүз) кабыл алынат.

33. ОшМУга кабыл алуу билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документтин түп нускасы боюнча ишке ашырылат.

34. Конкурстун жыйынтыгы боюнча кабыл алуу тууралуу буйрук кирүү сынактарында топтогон баллын көрсөтүү менен кабыл алуучу комиссиянын маалымат тактасына жарыяланат.

35. ОшМУ билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга кабыл алуу жөнүндө жыйынтык маалыматтарды берүүчү мөөнөттөр:

- бюджеттик каражаттын эсебинен окууга алуу - 1-сентябрга чейин;
- акы төлөп окуу үчүн - 15-сентябрга чейин.

36. ОшМУ ар бир окуу жылдын 1-октябрынан кечиктирбестен билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга статистикалык отчет берүүгө, ал эми кабыл алуу

Ош Мамлекеттик
КАБЫЛ АЛУУ КОМИССИЯСЫ

бүткөндөн кийин - студенттерди кабыл алууну уюштуруу жана өткөрүү жөнүндө отчетту берүүгө милдеттүү.

37. Кабыл алуу комиссияларынын ишин билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган контролдойт.

**ОшМУнун кабыл алуу**
**комиссиясынын жооптуу катчысы:** **Атабаев И. Н.**

КАБЫЛ АЛУУ КОМИССИЯСЫ